# Адам укуктарын өлчөө демилгесинин (АУӨД) маалыматтарды коргоо жана купуялык саясаты

Адам укуктарын өлчөө демилгеси жарандык жана саясий укуктардын көрсөткүчтөрүн иштеп чыгуунун алкагында жеке жана купуя маалыматтарды чогултат. Бул эки маалымат топтому өз-өзүнчө сакталат:

1. Жеке маалымат, анын ичинде потенциалдуу респонденттердин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары жана аларды көрсөткөн адамдар.
2. Биздин жылдык эксперттик сурамжылоого берилген жооптор (белгисиз/анонимдүү).

Сиздин бизде сиз жөнүндө сакталган ар кандай жеке маалыматтын көчүрмөсүн суроого, ошондой эле, кайсы бир маалымат туура эмес деп ойлосоңуз же биротоло жок кылынган маалымат болсо, аны оңдоого сурам жиберүүгө укуктуусуз. Эгер жеке маалыматыңыздын көчүрмөсүн сурап же туура эмес же биротоло өчүрүлгөн маалыматты оңдоого сурам жибергиңиз келсе, биз менен survey@humanrightsmeasurement.org почтасы аркылуу байланышыңыз

Төмөндө жогоруда айтылган маалыматтын коопсуздугун кантип сакталганы түшүндүрүлгөн.

## 1. Потенциалдуу респонденттердин аты-жөнү жана байланыш маалыматтары

Бул маалымат эки этап менен чогултулат. Биринчиден, адам укуктары боюнча тажрыйбалуу адистер (коопсуз онлайн макулдук берүү формасы аркылуу) биздин жергиликтүү өнөктөштөрүбүз болгон АУӨД тарабынан дайындалган Өкүлдөр, биздин ишенимдүү өнөктөш уюмдарыбыздагы адамдар жана, кээ бир учурларда, сурамжылоого катышкан респонденттерден сурамжылоого киргизүү үчүн көрсөтүлүшү мүмкүн. Андан соң көрсөтүлгөн адистерге сурамжылоого катышууга сунуш жиберилет. Эгер алар сунушка макул болушса, коопсуз онлайн макулдук берүү формасы аркылуу аты-жөнүн жана электрондук почта дарегин жиберишет. Биздин коопсуздук саясатыбыздын негизги мүнөздөмөлөрү болуп төмөнкүлөр саналат:

- Бардык онлайн формалар АУӨДнын веб-сайтында жайгашкан жана https протоколу тарабынан корголгон. Бул деген маалымат өткөрүп берүү үчүн коопсуздалган (шифрленген) дегенди билдирет.
- Макулдук берүү формасы аркылуу жиберилген кардарлардын аты-жөнү жана электрондук почтасы Кардарлар менен байланышууларды башкаруу (CRM) программасына түздөн-түз (шифрленип) жөнөтүлөт. Булуттук CRM-системасы бардык маалыматтарды шифрленген түрдө чогултууга, башкарууга жана сактоого кепилдик берген бардык тиешелүү ISO коопсуздук стандарттары, анын ичинде 27001, 27017 жана 27018 стандарттары менен тастыкталган. CRM-системасына Жаңы Зеландияда жайгашкан АУӨД уюмунун чакан тобунун кызматкерлери гана кире алат.

- АУӨД бул маалыматты ушул сурамжылоого катышууга талапкер потенциалдуу респонденттерге онлайн сурамжылоонун уникалдуу шилтемесин жөнөтүү үчүн колдонот.
- Сурамжылоого катышууга талапкер катары сунушталган, бирок макулдук формасын толтурбаган адамдардын аты-жөнү CRM-системасынын маалымат базасына кошулбайт жана катышууга талапкерлердин бардык дайындары маалыматтар жарыялангандан кийин жыл сайын өчүрүлөт.

## 2. Сурамжылоонун жооптору

Сурамжылоо SSL сертификаты бар жана https протоколу менен корголгон Qualtrics веб-сайтында өткөрүлөт. Бул киргизилген жана өткөрүлүп берилген бардык маалымат шифрленген дегенди билдирет. IP даректер сакталбайт. Qualtrics сурамжылоого берилген жоопторду Жоржия университетинин (UGA) Глобалдык маселелерди изилдөө борборунда (GLOBIS) иштеген АУӨД уюмунун чакан тобунун кызматкерлери гана көрө алышат.

Респонденттердин негизги потенциалдуу коркунучу, эгерде алардын электрондук почтасынын дайындары уурдалып же көзөмөлдөнүп калчу болсо, каршылаш тараптардын агенттери респонденттер АУӨД уюму менен байланышып жатканын көрүп, алар жарандык жана саясий изилдөө боюнча укуктук изилдөөлөргө катышып жатканын билип калышы мүмкүн[1]. Бирок, алар сурамжылоодо берилген маалыматка кире алышпайт. Бир гана четтөө катары, эгерде респонденттин маалыматтары көзөмөлдөнүп, анын ичинде, мисалы, клавиатураны басуу программасы аркылуу көзөмөлдөнчү болсо, бул учурда респонденттер сурамжылоодо жазган айрым жооптор корголбой калышы мүмкүн. Эгер сизде ушундай шек саноо жаралып, кооптонууга негиз бар болсо, биз респонденттерди сурамжылоого катышууда толук өздөрү гана көзөмөлдөгөн, ишенимдүү жеке түзмөктөрдү гана колдонууга, ошондой эле онлайн көзөмөлдөөдөн коргоо үчүн, башка тиешелүү көрсөтмөлөрдү (биздин веб-сайтта көрсөтүлгөн) аткарууга чакырабыз.

АУӨД уюму Qualtrics аркылуу алган жоопторду берген адамдар идентификацияланбайт, б. а. жооптор менен аларды жазган респонденттер аныкталбайт. Бирок, сейрек учурларда гана айрым сапаттык жооптор кээ бир респонденттерди аныктоо үчүн колдонулушу мүмкүн. Ошондуктан, бизде маалымат коопсуздугунун 3 түрдүү деңгээли 1ден (жашыруун) 3кө (жалпыга ачык) чейин аныкталат.

- **1 - Жашыруун:** Жоржия университетинде АУӨД кызматкерлери тарабынан Qualtrics аркылуу алынган баштапкы чийки маалыматтар бардык сапаттык жана сандык жоопторду камтыйт. Бул маалыматтар иштетилип чыккандан кийин, Qualtrics серверинен жок кылынат. Ага коопсуздук боюнча атайын окутулган жана тиешелүү изилдөөлөрдү жүргүзүп жаткан адамдар гана кире алышат. Респонденттерди аныктоого мүмкүн болгон бардык маалыматтар сөзсүз түрдө жок кылынат.
- **2 - Изилдөө маалыматтары:** Толугу менен идентификацияланган сурамжылоо жооптору – изилдөөдө жана АУӨДнын статистикалык маалыматын эсептөөдө колдонулат – маалыматтар толугу менен анонимдүү болгондуктан, эч кандай атайын коопсуздук чараларын талап кылбайт. Бул маалыматтар АУӨД уюмунун публикациялары аркылуу репликация маалыматтары катары онлайн форматта бөлүшүлүшү мүмкүн.

- **3 - Жалпыга ачык:** Топтолгон маалыматтар АУӨД уюмунун Адам укуктарын көзөмөлдөө платформасында статистикалык маалымат катары жарыяланып, АУӨДнын веб-сайтынан түздөн-түз жүктөп алуу үчүн жайгаштырылат.

---

[1] Мындай тобокелдикти азайтуу үчүн, сурамжылоонун потенциалдуу респонденттери онлайн көзөмөлдөөгө алынуудан өздөрүн кантип коргой алаары тууралуу маалымат беребиз.